# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

**ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин**
**2024-жылдын 1-мартындагы № 6 жыйынынын**
**ТОКТОМУНАН КӨЧҮРМӨ**
**Күн тартиби**

**3.12. «Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамынын илимий изилдөө иштерин академиялык шыктандыруу жана жыйынтыгы боюнча сыйлоо жөнүндө» жобосун бекитүү жөнүндө**

Профессордук-окутуучулук курамдын бир жылдык аткарган ишин академиялык илимий шыктандырууда негизи жасалган жумушка карата баалоо тууралуу Кыргыз Республикасынын 30-апрель 2003-жыл №92 "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын VI "Билим берүүнү өнүктүрүүнүн каржылык жана экономикалык негиздери" бөлүмүнүн 44 беренесине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 3-февраль 2004-жыл No53 "Кыргыз Республикасынын жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдарынын ишкердүүлүгүн жөндөө боюнча нормативдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө" токтомунун VIII "Жогорку окуу жайларынын каржылык жана чарбалык ишкердүүлүгү" бөлүмүнүн 8.5 пунктуна, Көзөмөлчүлүк кеңешинин 28-декабрь 2021-жыл №9 токтомуна таянып чыгарылган ОшМУнун ректорунун № 745-ФХД/22 04.03.2022 буйругунун негизинде 2021-жылдын 1-январынан 31-декабрына чейинки ички рейтингдин топтогон баллдарына жараша кошумча акы төлөө 2022-жылдын 1-январынан баштап бир жыл бою төлөнүп жатат. Жогорудагы иш-чара ОшМУда алгачкы жолу өткөрүлүп баштаган. Жыл бою ал процесс анализге алынып алымча кошумча киргизүү зарылдыгы келип чыккан. Ички рейтинг тууралуу атайын жобо иштелип чыгып, ректор тарабынан 2023-жылдын 31-январында бекитилген «Ош мамлекеттик университетинин академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана шыктандыруу боюнча кошумча сыйлык акы төлөө» ЖОБОго кошумча жана толуктоолор киргизилүү менен редакцияланып, тартиби иштелип чыгылган.

2024-жылдын 30-январындагы ОшМУнун Илимий-техникалык кеңешинин №11 отурумунда «Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамынын илимий изилдөө иштерин академиялык шыктандыруу жана жыйынтыгы боюнча сыйлоо» жобосу каралып, талкууланып кабыл алынган чечим боюнча аталган жобону бекитүү ОшМУнун Окумуштуулар кеңешине бекитүүсү сунушталган.

**УГУЛДУ:** ОшМУнун окуу иштери боюнча Н. К. Омуров негизги маселеге кирген ОшМУда коммерциялык ишмердүүлүктү жүргүзүү боюнча жобо менен тааныштырып, талкууга алып, айтылган сунуштардын негизинде Окумуштуулар кеңеши төмөндөгүдөй **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. ОшМУнун окуу иштер боюнча проректор Н. К. Омуровдун «Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамынын илимий изилдөө иштерин академиялык шыктандыруу жана жыйынтыгы боюнча сыйлоо» жобосу жөнүндө маалыматы эске алынсын.
2. «Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамынын илимий изилдөө иштерин академиялык шыктандыруу жана жыйынтыгы боюнча сыйлоо» жобосу бекитилсин.
3. ОшМУнун ректору тарабынан 2023-жылдын 31-январындагы бекитилген «Ош мамлекеттик университетинин академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана шыктандыруу боюнча кошумча сыйлык акы төлөө» жобосу күчүн жоготту деп табылсын.
4. «Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамынын илимий изилдөө иштерин академиялык шыктандыруу жана жыйынтыгы боюнча сыйлоо» жобосу бекитилгенине байланыштуу ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий изилдөө

иштерин академиялык шыктандыруу жана жыйынтыгы боюнча сыйлоо 2024-жылдан баштап жаңы жобого ылайык жүргүзүлсүн.

5. Бул чечимди көзөмөлдөө илимий иштер жана инновациялар боюнча проректору Р. Н. Арапбаевге жүктөлсүн.

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К. Г. Кожобеков**

**Окумуштуу катчы,**
**доцент** **Дж. Ж. Асанбекова**